КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ТАМГА АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

2023-жылдын «02» октябрь № 39 Тамга айылы

## Тамга айылдык аймагынын Тамга айылынын тургуну Зарылдыкова Тинатин Кыдырмышовнанын арызын канагаттандыруу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы **«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»** № 123 Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз IV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы **«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»** № 123 Мыйзамынын 31-беренесине ылайык Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 1263 чөйрө сызыгындагы Тамга айыл аймагынын Тамга айылынын тургундарына турак-жай курууга бөлүнүп берилген жер тилкелеринин түштүк-чыгыш тарабындагы бош жер тилкесинен 1000,0 чарчы метр жер тилкеси Тамга айылынын тургуну Зарылдыкова Тинатин Кыдырмышовнага турак-жай куруу үчүн бөлүнүп берилсин.
2. Кабыл алынган чечимдерге ылайык, Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 1263 чөйрө сызыгындагы бөлүнүп берилген 1000,0 чарчы метр жер тилкесине тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго милдеттендирилсин.
3. Токтомго кол коюлгандан кийин аталган жер тилкесин каттоодон өткөрүп берүү жагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз филиалынан суралсын.
4. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**

Жиберилди: иш кагаздарга -1, Тамга а/ө -1, юстицияга -2; «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз филиалына-2;